КАРАЛДЫ
методикалык кенештин
№__2_ протоколунда
«___24__»_ноябрь___2021-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Б.
24.11.2021-ж

# №7 жалпы орто билим берүү мектебинин методикалык семинарын өткөрүү жөнүндө жобо

**1.Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо мектептеги өтүлүүчү семинарлардын максатын,милдетин жана өткөрүү тартибин аныктайт.

1.2. Методикалык семинар (семинар-практикум) -бул мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуучу мектептин методикалык ишинин бир формасы.

1.3. Бул жобо мектептин методикалык кызматынын иш аракеттерин жөнгө салуучу локалдык акт болуп эсептелет.

**2.Методикалык семинардын максаты жана милдеттери**

**1.Максаты:**

Педагогикалык илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү.

**2 Милдети:**

- Кесиптик таасирдүү инсандык сапатын өнүктүрүү;
- Билим берүү процессинде семинардын катышуучуларынына билим берүүнүн заманбап талаптарын, ыкмаларын. методдорун эффективдүү колдонуучу билимдерин калыптандыруу;
- Педагогдордун өзүнүн кесиптик иш аракетинде өнүгүүсү үчүн түрткү берүү;
- Билим берүү процессинин катышуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү жана интелектуалдык өсүүсүнө багытталган бирдиктүү окуу тарбиялоо чөйрөсүн калыптандыруу;
- Иштелип чыккан тема боюнча окутуунун жана тарбиялоонун методдорун, ыкмаларын, технологияларын колдонуунун практикалык жактан демонстрациялап көрсөтүү .

**3.Методикалык семинардын катышуучулары жана уюштуруучулары**

3.1.Методикалык семинардын уюштуруучулары окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары, педагог-психолог, усулдук бирикменин жетекчилери, чыгармачыл иштеген мугалимдердин тобу жана мектептин методикалык кеңешинин мүчөлөрү болуп саналат.

3.2. Семинарга даярдануу үчүн көйгөйлүү топ түзүлүшү керек .

3.3Методикалык темага дал келген мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү темалары боюнча өткөрүүгө тартса болот.

4. Методикалык семинарды өткөрүүнү уюштуруу жана өткөрүү тартиби:

4.1. Методикалык семинарды 1 айда бир жолудан көп эмес өткөрсө болот.

4.2.Методикалык семинардын мазмуну төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

— теориялык бөлүгү ( семинардын темасы боюнча киришүү сөз)

— практикалык бөлүгү (тегерек стол , үйрөтүүчү семинар, семинар -практикум, иш аракет оюну,тренинг ж.б формада өткөрсө болот)

— Жыйынтыгын чыгаруу бул рефлекция , бири -биринин көз караштары менен алмашуу, презентация формасында өткөрүлөт.

4.3. Методикалык семинарды үюштуруу жана өткөрүүгө методикалык иштер боюнча директордун орун басары, усулдук бирикмелердин жетекчилери ,чыгармачыл топтун жетекчиси жоопкерчиликтүү болуп саналат.

5. Семинардын жумушчу метериалдары методикалык иштер боюнча директордун орун басарынына тапшырылып системага салынат ,усулдук кабинетте сакталат.